РЕПОРТАЖ

# Мыйзамсыз акча алмаштыруучу жайлар аныкталды

***Улуттук банктын өкүлдөрү 20-июнь күнү Мамлекеттик салык кызматы, Экономикалык кылмыштуулукка каршы күрөшүү боюнча мамлекеттик кызматы жана журналисттер менен биргеликте Бишкекте мыйзамсыз иштеп жаткан акча алмаштыруучу жайларды аныктоо боюнча атайын рейд жүргүздү.***

Текшерүү иши алгач Москва менен Абдрахманов көчөлөрүнүн кесилишинде жайгашкан пункттардан башталып, он чакты мыйзамсыз иш жүргүзгөн акча алмаштыруучу жайлар аныкталды. Аларга карата протокол түзүлүп, бир жарым миң сом айып пул салынды.

Үстүбүздөгү жылдын башталышынан бери Улуттук банк тарабынан бир канча рейд өткөрүлүп, 168 адамга мыйзамсыз иш жүргүзгөндүгү үчүн протокол түзүлгөн. Анын ичинен 108и идентификацияланган. Калган 86 адамга жалпысынан 132 500 сом көлөмүндөгү айып пул салынган.

Мыйзам боюнча акча алмаштыруучу болуп иштөөнү каалаган ишкер Улуттук банктан лицензия алышы талап




кылынат. Андайлардын саны республика боюнча бүгүнкү күндө 336. Ал эми лицензия албай иштеп жүргөндөрдүн саны да ошого жакын, көбү «Дордой» базарында экенин Улуттук банк билдирди.

Акча алмаштыруучу жайларды лицензиясыз иштеткен адамдар, административдик айып пулдун аздыгынан улам, коркпостон иштеп жатканын Улуттук банктын өкүлдөрү баса белгилешти. Алардын айтымында бир жарым миң сом көлөмдөгү айып пул, ишкерлер үчүн чоң деле каражат эмес.




Буга ылайык мыйзамга өзгөртүү жана толуктоолорду киргизүү боюнча сунуш Жогорку Кеңешке Улуттук банк тарабынан берилген. Ал жерде жеке жактарга 20 000 сом, ал эми юридикалык жактарга 100 000 сом көлөмүндөгү айып пул салуу маселеси көрсөтүлгөн. Бирок, сунушталган мыйзам долбоору Жогорку Кеңештин экономикалык жана фискалдык саясат боюнча комитети тарабынан жактырылганы менен Жогорку Кеңештин отурумунда четке кагылган.

Учурда айып пулду көбөйтүү боюнча мыйзамга өзгөртүү жана толуктоолорду киргизүү боюнча жаңы сунуштар каралып, банктын сайтына коомдук талкууга коюлду.

Улуттук банктын билдирүүсүндө лицензиясы жок иштеген акча алмаштыруучу пункттардын коомчулук үчүн коркунучу бар. Себеби, шылуундук менен элдин акчасын алдап же жасалма акча кошуп коюулары мүмкүн. Аларга кайрылган кардарлар чек албай кеткендигине байланыштуу, алдангандыгы тууралуу далил келтире албай калышы толук ыктымал. Ал эми лицензиялуу пункттар кардарларга чек берип, коопсуздугуна кепилдик беришет.



**Аида Батырбекова,**
aihana.batyrbekova
@gmail.com